***А. Жамашова,* БГУ**

ЭЛЕСТҮҮ ЭТИШТЕРДЕГИ ИДИОФОНЕМАЛАР

Элестүү этиштердин тутумундагы идеофонема атанган үндүү жана үнсүз тыбыштар, негизги түркүмдөгү сөздөрдөн айырмаланып, өзгөчө фоно-семантикалык жүктү аркалайт [Афанасьев 1993]. Биз талдоого алган тилдик даректерде үндүү идеофонемалар төмөнкү контексттерде келет.

А идеофонемасы: *алжай, калжай, барбай, балпай, балжай, заңкай, далбай, кампай, чакчай, тартай, майпай, дардай, чалкай* ж.б.

Көрүнүп тургандай, ачык жоон ***а*** үндүү катышкан бул элестүү этиштер чоңдукту, жазылыкты, бийиктикти, кеңдикти элестетип, адамдарга, кээде айбанаттарга

же башка заттарга карата колдонулат да, жалпы сцена-ны да, жеке адамдыда сүрөттөп көрсөтөт. Мисалы:

Абыке Кошой мына деп,
Кандагайын *калдайтып*
Керип чоюп *далдайып*
Кошойго бере салганы (3- т , 202- б .)

О идеофонемасы: *компой, койкой, коркой, опой, очой, орсой, ормой, торой, томпой, борбой, болпой* ж.б.

Эрин жоон *о* үндүү катышкан бул өңдүү элестүү этиштерда заттын көрүнүшүн чоң, барандуу, көзгө толумдуу кылып көрсөтүүдө колдонулат. Мисалы:

Туучунак менен **болкоюп**
Абаңыз Жакып **золкоюп**
Атына минип алыптыр (1- т, 198 -б.)

Е идеофонемасы: *дердей,сексей, сеңсел, селей, чекчей, эрбей, челей, элей, телпей* ж.б.

Ачык ичке *е* үндүү идеофонема катышкан элестүү этиштер затты сүрөттөөдө чоңдукту, кеңдикти билдирүү менен бирге буларга карама-каршы кичинеликти, жепирейгендикти, төмөндүктү билдирет. Мисалы:

Атка минип **эрбейип**
Найза кармап **сербейип**
Эсенкан кыйын эле деп
Беш айчылык Бээжинден
Бул жерде коркуп **селейип**
Жалтанышың жарабас (2-т, 23-б.)

Ө идеофонемасы:*өчөй, бөкчөй, өпөй, көлчөй, чөкчөй* ж.б.

Эрин ичке *ө* үндүү идеофонемасы менен уюшулган мындай элестүү этиштер тилибизде дээрлик сейрек кездешет да, заттын көзгө көрүнгөн элес-көрүнүшүн сүрөттөп көрсөтөт. Мисалы:

Кайрат менен эр Манас
Найзасын тиреп **өчөйүп**
Астындагы Аксагыл
Оңоло албай соолгур
Отурган иттей **чөчөйүп** (2-т, 62-б .)

У идеофонемасы: *дулдуй, куржуй, чулчуй, мулжуй, мултуй, суйсал, сумсай,куучуй* ж.б. Бул идеофонема катышкан элестүү этиштер заттын,көбүнчө адамдын кылык-жоругун, мүнөзүн, келбет-көрүнүшүн сүрөттөп көрсөтөт. Мисалы:

Кулагы түшсө **кулжуйуюп**
Мурну түшсө **мулжуйуп**
Жаманатты болом деп (4-т, 91- б)

Ү идеофонемасы адамдын физиологиясы менен келбет-көрүнүшүндөгү жагымсыз образды сүрөттөйт: *чүкчүй, үтүрөй, үрпөй, түксүй, бүкчүй* ж.б.

Үтүрөйгөн каракыз
Тирүү пенде карагыс
Үйдө отуруп калыптыр (2-т, 422-б.)
Сакалы кетти **түксүйүп**
Чачы кетти **үксүйүп**
Үтүгүнө шоодай деп
Үтүрөңдөп бу каапыр (3-т, 123-б.)

Ы идеофонемасы катышкан элестүү этиштер адамдын кыймыл-аракетиндеги түрдүү образды билдирет: *зыңкый, былкылда, быркыра, былжыра, жыбырай, кылкылда, кыжылда, дыңкый, кылтый, былтый, лыпылда, эпилде, ызылда, кыжылда* ж.б.

Андай-мындай сүйлөбө
Кытай болуп **кымпыйып**
Жүрөгөр деп **зыңкыйып** (4-т, 267-б.)

И идеофонемасы катышкан элестүү этиштер аз кездешет, булар адамдын дене-мүчөсүндөгү ооруксунуу, кыйналган абалын билдирет.

Бужүрөгөн жаманчал
Эл ичинен көрүндү
Көкүрөгү **дирилдеп**
Көзү жаман ириңдеп (2-т, 82-б.)

Тилибизде үнсүз идеофонемалардын колдонушунда да бир катар өзгөчөлүктөр байкалат.

Б идеофонемасы катышкан элестүү этиштер заттын көрүнүшүнүн чоң, кең, жазы, жайылыңкы, кээде кичине экендигин элестетип көрсөтөт. Мисалы:

1. Кай бир тобу айтка келгендей, көйнөктөрү ак, белдери жаңы жолуктар менен курчалуу, көк селде чалынып, карала кымкап кийип көйкөлүп, өзгөчө алардын кабактары жарык эле, көздөрү делөөрүп *чекчейип* тиктеп, үндөрүн бийик чыгарып бакылдап сүйлөшүп, нары бери чайпалып басышат [Т.К. СК. 301].

2. Казына башы кирпиктерине чейин агарып,аккүп жөжөдөй *бужүрөп* жүдөп карыган адам, ал жалтыраган кашка башын бир жагына кыңырта кылып, колундагы шамын жогору көтөрө берип дүнүйөнүн тарыхын, кайсынысы жортуулдан түшкөнүн, кайсы жылкы элден жыйган зекеттен чогулганын же кайсы бектен тартуу болуп келгенин бежиреп сүйлөп келет [Т.К. СК. 284].

Мында 1-мисалда *чекчейип* сөзү адамдын теше тиктеп турган көзүн элестетсе, 2-сүйлөмдө *бужүрөп* сөзү басынып корунган, жүдөө адамдын көрүнүшүн элестетет.

Д идеофонемасы заттын чоң, кең, жазы, жайылыңкы, кээде кичине экендигин элестетип көрсөтөт.

Мисалы: Кудаяр хан *дымып* өз санаасына өзү эзилип, башын ийкеди [СК. 445].

Бирок, эми ал баштагыдай *дүпүрөгөн* эли бар бекпи?![СК. 680].

Кайраты, атайы бой салбаган, атайын *дордоңдобогон* мүнөзү жакчу [СК. 677].

Мында 1-мисалда *дымып* сөзү заттын кичинелигин, алсыздыгын билдирип турса, 2-мисалда *дүпүрөгөн* сөзү заттын көптүгүн элесин берип турат, ал эми 3-мисалда *дордоңдобогон* сөзү заттын кең көлөмүн элестет.

К идеофонемасы катышкан элестүү этиштер сүйлөм башына жана ортосуна келгенде жүткүнгөндүктү, аягына келсе кичинеликти билдирет.

Мисалы: *Кылкылдап* бүтүн турган эл удургуп, жарылып, кай бир топ жакаларын карманып, келмелерин күңкүлдөп кете башташты [СК.306].

Азыр кээде эсине түшкөндө *кыңкылдап* ырдап жүргөн алиги ыр да Жаманкул кой жайып тоодо жүргөндө чыгарган ыры эмеспи [ЧА.IIт.175].

Танабай аттын нары жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып, *күйпөңдөй* берди [Ч.А.Iт.54].

Мында1-мисалда *кылкылдап* сөзү элестүү этиш кыймыл-аракеттин чоңдугун алдыга жүткүнгөндүктү билдирсе, 2-мисалда *кыңкылдап* сөзү адамдын кыймыл-аракетинин басыңкы үнүн билдирип турат, 3-мисалда *күйпөңдөй* сөзү кыймыл-аракеттин акырындыгын алдастагандыгын билдирип турат.

Л идеофонемасы катышкан элестүү этиштер аз кездешет, бирок ошого карабастан заттагы тездикти, чоңдукту, жумшактыкты, жазылыкты билдирет.

Мисалы:

1. Шырт этпей, дүп этпей *лепилдеп* кыймылдаган үй-бүлөө зайып тез колго суу куюп, тез дасторкон жайып, дүйүм даам коюп, чай суна баштады [СК.687].

2. Канкор жырткыч тумшугун матыра, ныгыра тиштеп, үзүп-жулкуп *лукулдатып* жеп кирди [СК.556].

3. Кушкатты тилмеч орусча *лепилдетип* жазып кирди [СК.461].

4. Мына жашы улгайды, айыл аксакалы болуп, эттүү жерде чара башчылык кылып, *лөкүйүп* отуруп алып эт бөлгөндөн башка менен иши жок момундун күнүн кечирип келет [СК.290].

Мында *лепилдеп, лепилдетип* сөзү 1-3-мисалда элестүү этиш кыймыл-аракеттин тездигин билдирип турса, *лукулдатып* элестүү этиши кыймыл-аракеттин өтө тездигин, шашкандыкты билдирип турса, 4-мисалда *лөкүйүп* сөзү заттын чоңдугунун элесин берип калды.

М идеофонемасы катышкан элестүү этиштер заттын чолок-кыскалыгын, алсыздыгын ж.б. көрүнүштөрүн берет.

Мисалы: Турчу мындай…Айпери жанынан өтө берди *мурчуңдап* [М.М. Т.75].

Ушунча сөзгө, ушунча ачык кекетүүгө *мүңкүрөп* отуруп береби? [СК.295].

Кул киши жооп бере койбой, бол эми сурабайсынарбы дегендей, *мулуюп* тиктеп алды [СК.394].

1-мисалда *мурчуңдап* сөзү адамдын келбетиндеги кыймылын, ишаратындагы кыскалыкты билдирип турса, 2-мисалда *мүңкүрөп* сөзү адамдын алсыздыктын элесин берсе, 3-мисалда *мулуюп* сөзү дагы адамдын кыймылындагы ишаратты билдирип турат.

Т идеофонемасы элестүү сөздөрдүн башында жана ортосунда келгенде заттын кеңдигин, жазылыгын, жайылган көрүнүшүн билдирет. Кээде көрксүз, начар, жагымсыз көрүнүштү билдирип калат.

Мисалы: 1.Данияр адегенде унчукпай, жаман көргөнсүп *түктүйө* калды [Ч.А. I т. 211].

2.Хан оозунан бир сөз чыгарышына жарабай, *тымпыйып* тим калды [СК.295].

Мында *түктүйө* көрксүз, жагымсыз, начар көрүнүштү билдирип турат.

С идеофонемасы элестүү этиштердин башында жана ортосунда келгенде заттын алсыздыгын, кичинелигин, чабалдыгын билдирип калат.

Мисалы: *Селейип* калышпадыбы. [СК.280]. Сөздү эмнеден баштарды билишпей экөөбү тең *салбырап* отуруп калышты [СК. 289].

Мында *селейип, салбырап* элестүү этиштери заттын алсыздыгын билдирип турат.

Ч идеофонемасы элестүү этиштердин башында жана аягында келгенде алдыга жүткүнгөндүктү, айрым учурда узундукту, көрксүздүктү, кээде жазылыкты, кеңдикти билдирип калат. Мисалы: Эң башы буларды да бир бечара иштерман канынан кырып, теринен буулап тапкандыр, меники деп,ач көздүктөн көздөрүн *чакырайтып* эртели-кеч тиктеп да отурган чыгар [СК. 284].

Бийлер күдүңдөшүп, бири биринин этегин тартып, кычыгы кызарып эт баскан ач көздөрүн алдыртан *чекирейтишти* [СК. 404].

Р идеофонемасы кыргыз тилинде элестүү этиштердин башында колдонулбайт. Сөз ортосунда келгенде чоңдукту, кеңдикти узундукту, тездикти билдирип турат. Айрым учурда кичинеликти, алсыздыктыкты, көрксүздүктү билдирип калат.

Мисалы: 1. Абышка *үтүрөйүп* коркту[СК. 550].

Н идеофонемасы катышкан элестүү этиштер заттын көрүнүшүндөгү чоңдукту, кеңдикти, жазылыкты көрсөткөн маанини берет. Сөз ортосунда гана колдонулат, сейрек кездешет.

Мисалы: 1. Экөө аны муну кобурашканча майпаңдай басып карт адам келди да тигилерге жакын *ныгырыла* отура кетти [М.М.Т. 8].

Элестүү этиштер көркөм каражат катары образды, көрүнүштү элестүү, жандуу сүрөттөп берүүдө колдонулат. Ошол эле маалда алардын тутумундагы үндүү-үнсүз идеофонемалардын колдонушунда да бир катар өзгөчөлүктөр байкалат.

Тактап айтканда, кең үндүү менен келген мүчө аркылуу жасалган уңгулаш элестүү этиштер элестик түшүнүктү билдириши боюнча бири бирине жакын болушканы менен, конкреттүү маанилери боюнча айырмаланышат. Ошондуктан кең үндүү менен келген мүчөлөрдү элестүү этиштерди жасоочу мүчө деп эсептөөгө болот. Маселен, бир эле уңгудан жасалган төмөнкү этиштерди салыштырып көрөлү. Сал. **балкай** (толук, толмоч, көзгө толумдуу көрүнүү); **балпай** (дене-бою чоң, көлөмдүү, балпагай көрүнүү); **балтай** (толук, эби сыны жок көрүнүү); **балчай** (талпайган, былчыйган); **балжай** (бети жайык, толук көрүнүү). Мында *бал* - өйдөкү элестүү этиштердин түпкү уңгусу [Кудайбергенов 1981: 22-23].

Кыргыз тилинде элестүү этиштерди жасоочу өйдөкүдөй кең үндүү менен келген мүчөлөрдүн кууш үндүү варианттарыда бар. Алар лексика грамматикалык жагынан эки ача: кээ бир сөздөрдө кууш үндүүлөр сөздүн маанисин өзгөртө алышпай кең үндүү мүчөлөрдүн фонетикалык варианты катарында гана кызмат кылышса, айрым учурда жалганган мүчөлөрдүн кең жана кууштугуна карата уңгулаш туунду сөздөр маанилери боюнча кескин айырмаланышат.

Мисалы: *барпай - барпый, балкай - балкай, үксөй - үксүй, бултай - бултуй, жалпай - жалпый, какчай - какчый, салпай - салпый, сапсай - сапсый, чакчай - чакчый* ж.б.

Келтирилген фактылар элестүү этиш мүчөлөрүнүн кең жана кууш үндүү варианттары нагыз фонетикалык кубулуштардан башка семантикалык себептери менен шартталарын көрсөтүп турат.

Адабияттар

1.Абдувалиев И. Азыркы кыргыз тили: Морфология.-Б.,1997.

2.Баскаков Н.А. Историко-типологическая морфология тюркских языков. -.М., 1988.

3. Кудайбергенов С. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү.- Ф., 1983.

4.Садыков Т. Кыргыз жана түрк салыштырма грамматикасынын негиздери. -.Б., 2010.